ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№5 ПРОТОКОЛУ**

*27-февраль, 2019-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – 35 мүчөсүнөн 28 мүчөсү бар. Кворум бар (каттоо барагы тиркелет).

*Күн тартиби:*
1. 2018-2019-окуу жылындагы окуу-тарбиялык иштердин жарым жылдык жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер (баяндамачы: МИТФнин деканынын окуу-иштери боюнча орун басары, тех.и.к. доцент А.Ж. Кудуев);
2. Программалык аккредитациядан өтүү үчүн адистиктердин даярдыгынын учурдагы абалы жана алдыдагы милдеттери (баяндамачылар: программа жетекчилери);
3. Ар түрдүү маселелер;
4. Конкурстук шайлоолор.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.
Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге ар бир программа жетекчилерине 7-15 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе**
**Угулду:**
**Сөзгө чыкты:**

2018-2019-окуу жылындагы окуу-тарбиялык иштердин жарым жылдык жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер боюнча деканынын окуу-иштеринин орун басары, тех.и.к. доцент А.Ж. Кудуевдин билдирүүсү угулду (отчет тиркелет).

**Сөзгө чыкты:**
*М.Ш. Мамаюсупов (Жогорку математика кафедрасынын доценти):*Отчетто сабакты үзгүлтүккө учураткан окутуучулар боюнча маалыматтар барбы?

*Баяндамачы:* бул маселе тууралуу маалыматтар бар. Билдирүү менен кайрылып жатабыз кафедраларга жана деканаттын журналында маалыматтар катталган.

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: Студенттердин өз алдынча боюнча график түзүлгөнбү?

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* отчет кыска убакыттын ичинде диаграммалар менен көрсөтмөлүү жасалган. Отчетту канаатандырарлык деп эсептейм.

Биринчи маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2018-2019-окуу жылынын 1-семестринин 1-жарым жылдыгынын эсеп-кысабы боюнча декандын окуу иштери боюнча орун басары доцент А.Ж. Кудуевдин ***билдирүүсү*** эске алынсын.

2. Факультетте окуу процессин уюштуруу жана окутуунун сапатын мындан ары жогорулатуу максатында төмөнкү иш-чаралар аткарылсын:

2.1. студенттердин билимин баалоодо окутуучулар тарабынан балл топтоонун эрежелери сакталбагандыгына байланыштуу, окутуучулар үчүн квалификациясын жогурулатуу максатында ОМК ларды түзүү жана аларды AVN маалыматтык системасына жайгаштыруу боюнча семинар уюштурулсун *(жооптуулар: кафедра башчылары, усулдук кеңеш);*

2.2. профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчүн жана билим берүүнүн сапатын көтөрүү максатында студенттерди, окутуучуларды анкетирлөөнүн, жыйынтыгын анализдөөнүн жана уюштурулуучу иш-чаралардын жоболору иштелип чыксын *(жооптуулар: усулдук кеңеш, деканат);*

2.3. кафедраларда студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында иш алып барган кружоктордун иш аракеттери күчөтүлсүн *(жооптуулар: тиешелүү бүтүрүүчү кафедралар, усулдук кеңеш, декандын илимий иштери боюнча орун басары);*

2.4. окутуучулардын ачык сабактарды өтүү, ачык сабактын иштелмелерин түзүү, өз ара сабактарга катышуу жана аларга анализ берүү күчөтүлсүн *(кафедра башчылары, усулдук кеңеш, деканат)*;

2.5. профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчүн көтөрүү максатында ар бир окутуучунун иш ордун талапка жооп бере тургандай денгээлде уюштурулуп берилсин, б.а. стол, стул, компьютер, принтер менен камсыздалсын *(жооптуулар: кафедра башчылары);*

2.6. окуу кааналардын багытка/адистикке багытталып жабдылышы жана жасалгаланышы колго алынсын *(жооптуулар: программа жетекчилери, жумушчу топтор)*;

2.7. интерактивдүү доскалардын колдонулушу колго алынсын, окутуучуларга интерактивдүү досканы иштетүү боюнча семинар уюштурулсун *(жооптуулар: усулдук кеңеш, кафедра башчылары, компьютердик борбор)*;

2.8. Дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери менен On-line байланышты (Facebook, Whatsapp) түзүү күчөтүлсүн *(Жооптуулар: кураторлор, сырттан окуу бөлүмүнү методисти Мурзакматова З.);*

2.9. бүтүрүүчүлөр, иш берүүчүлөр жана ата-энелер менен жолугушууларды өткөрүү күчөтүлсүн *(жооптуулар: Ойчуева Р., кафедра башчылары, кураторлор);*

2.10. студенттердин контингентин көбөйтүү жана сактоо максатында кесипке багыттоо иш чараларды жүргүзүү күчөтүлсүн *(жооптуулар: кафедра башчылар, окутуучулар);*

2.11. тайпалардын абсолюттук жана сапаттык көрсөткүчтөрү төмөндүгүнүн себептери анализденип тиешелүү иш чаралар көрүлсүн *(жооптуулар: кураторлору, тиешелүү бүтүрүүчү кафедралар, деканат);*

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө декандын окуу иштери боюнча орун басары А.Ж. Кудуевге жүктөлсүн.

**2-маселе**

Программалык аккредитациядан өтүү үчүн адистиктердин даярдыгынын учурдагы абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча программа жетекчилери баяндама жасашты.

**Угулду:**

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: биздин кафедрага тиешелүү болгон бакалавр багытында 3 программа жана магистр багытында 1 программа боюнча иш алып барып жатабыз. Бул программалар боюнча жумушчу топ түзүлүп, алар тиешелүү иштерди жүргүзүп жатышат. Андан сырткары отчет даярдалып жатат. Отчетту апрелдин аягында даярдап бүтөбүз.

*Чамашев М.К. (ИТАС кафедрасынын башчысы, доцент):*
ИТАС кафедрасы 2 программа боюнча аккредитацияга даярданып жатабыз. Ал үчүн беш пунктан турган иш-план иштелип чыккан. Ага жумушчу топ түзүлгөн, буйруктар чыгарылган. Ички мобилдүүлук боюнча 8 мугалим Бишкек, Талас ж.б. шаарларында командировкага барып келишти. Аккредитацияга даярдык жакшы. Андан сырткары сырткы жана ички мобилдүүлук боюнча бир нече иштер аткарылып жатат. Жакында кафедрабыздын эки окутуучусу Германияга командировкага жөнөп жатышат.

*А.Д.Аттокурова (МИОМ жана ББМ кафедрасынын башчысы, доцент)*: Физика-математика багытын аккредитациядан өткөрүү милдети турат. Октябрь айында “Программанын НББП талкуулоо” деген темада жолугушуу өткөрдүк. Аккредитациядан өтүүнү 2019-20-жылга пландаштырып жатабыз. Ар жуманан шейшемби күндөрү аккредитация боюнча семинарларды уюштуруп жатабыз. Андан сырткары отчетту кыргыз тилинде даярдап жатабыз. Отчетту апрелдин аягында даярдап бүтөбүз деп аракет жасап жатабыз.

*Ободоева Г.С. (Информатика кафедрасынын башчысы, доцент)*: Информатика кафедрасы бакалавр, магистр багыттары боюнча иш алып барып жатабыз. Аккредитациядан өтүүнү 2019-20-жылга пландаштырып жатабыз. Андан сырткары отчет даярдалып жатат.

*Папиева Т.М. (Алгебра жана геометрия кафедрасынын башчысы, доцент)*: эки багыт боюнча бүтүрүүчү кафедра болуп эсептелинебиз. НББП иштелип чыккан ички жана сырткы стейкхолдерлер менен иш жүргүзүлүп жатат. Апрель айына тегерек стол өткөрүүнү пландаштырып жатабыз. Аккредитациядан өтүүнү 2019-20-жылга пландаштырып жатабыз. Ал үчүн бир топ жумуштар аткарылып жатат.

Экинчи маселе боюнча программа жетекчилеринин маалымдоолорун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МИТ факультетинин бакалавр багыттарын жана магистр программаларын программалык аккредитациядан өткөрүү иштери жандандырылсын;
2. Аккредитациядан өтүү үчүн өздүк отчеттор текшерүүдөн өткөрүлсүн.

**4-маселе**

Конкурстук шайлоолор

1) МИТ факультетинин алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору, ф.-м.и.д. Г. Матиеваны аталган кафедранын профессору кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

“Макул”-28

“Каршы”-жок

“Калыс”-жок

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору, ф.-м.и.д. Г. Матиеваны аталган кафедранын профессору кызмат ордуна шайланды деп эсептелсин;

2. МИТ факультетинин алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору, ф.-м.и.д. Г. Матиеваны аталган кафедранын профессору кызмат ордуна шайлангандыгы боюнча чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

2) МИТ факультетинин МИОТ жана ББМ кафедрасынын доценти, п.и.к. Аттокурова Анаркан Джалиловнаны аталган кафедранын доценти  кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

“Макул”-28

“Каршы”-жок

“Калыс”-жок

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин МИОТ жана ББМ кафедрасынын доценти, п.и.к. Аттокурова Анаркан Джалиловнаны аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайланды деп эсептелсин;

2. МИТ факультетинин МИОТ жана ББМ кафедрасынын доценти, п.и.к. Аттокурова Анаркан Джалиловнаны аталган кафедранын доценти  кызмат ордуна шайлангандыгы боюнча чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

3) МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын доценти, п.и.к. Омаралиев Абдумалик Чырмашовичти аталган кафедранын доценти кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

“Макул”-28

“Каршы”-жок

“Калыс”-жок

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын доценти, п.и.к. Омаралиев Абдумалик Чырмашовичти аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайланды деп эсептелсин;

2. МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын доценти, п.и.к. Омаралиев Абдумалик Чырмашовичти аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайлангандыгы боюнча чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

4) МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. Чамашев Марат Кахаровичти аталган кафедранын доценти кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

“Макул”-27

“Каршы”-1

“Калыс”-жок

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. Чамашев Марат Кахаровичти аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайланды деп эсептелсин;

2. МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. Чамашев Марат Кахаровичти аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайлангандыгы боюнча чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

**3. Ар түрдүү маселелер:**

а) Жогорку математика кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к., доцент Сопуев Уланбек Адахимжановичтин доктордук диссертациясынын темасы “Решения линейных и нелинейных дифференциальных уравнений в самоорганизующихся системах” жана илимий консультантын ф.-м.и.д., профессор Ы.Т. Ташполотовду бекитүү боюнча Жогорку математика кафедрасынан түшкөн сунушту талкуулоо.

**Угулду:** *Н. Абдирайимова (МИТ факультетинин окумуштуу катчысы):*

Жогорку математика кафедрасынын доцент У. Сопуев 2008-жылдын 23-декабрында кандидаттык диссертациясын ийгиликүү коргоп, Жогорку Аттестациялык

Комиссия тарабынан бекитилген жана 2015-жылы «Математика» адистиги боюнча доценттик окумуштуулук наамы ыйгарылган.

**Сөзгө чыкты:**

*К. Алымкулов ф.-м.и.д., профессор:* У.А. Сопуев окуу-усулдук колдонмолор, илимий макалаларды чыгарып келүүдө. Ошол эле учурда ОшМУнун МИТ факультетинин Компьютердик борборунун директору, декандын окуу иштери боюнча орун басары, Жогорку математика кафедрасынын башчысы катары иштеп, бир топ алгылыктуу иштерди аткарганын баарыбыз билебиз. Аталган теманы жана илимий консультантын бекитүүгө сунуштаймын.

*М.Ш. Мамаюсупов (Жогорку математика кафедрасынын доценти):* кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогондон кийин илимий-методикалык ишмердүүлүгүн улантууда. Илимий макалалары, окуу-усулдук колдонмолору жарыкка чыкты. Жалпы 16 дан ашуун илимий жана окуу-усулдук эмгектердин автору. Ошол себептен доктордук диссертациясынын темасын жана илимий консультациясын бекитүүнү сунуштайбыз.

Окумуштуулар Кеңешинин калган мүчөлөрү да жогорудагы пикирлерди бир добуштан колдоп билдиришти.

**Ч Е Ч И М:**

1. Жогорку математика кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. Сопуев Уланбек Адахимжановичтин доктордук диссертациясынын темасы “Решения линейных и нелинейных дифференциальных уравнений в самоорганизующихся системах” жана илимий консультанты ф.-м.и.д., профессор Ы.Т. Ташполотов бекитилсин.
2. Доцент У. Сопуевдин доктордук диссертациясынын темасын жана илимий консультантын бекитүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

б) ОшМУнун ИТАС кафедрасынын улук окутуучусу Молдояров Уларбек Дүйшөбековичтин доктордук диссертациясынын темасын жана илимий консультантты бекитүү жөнүндө.

**Угулду:**

ИТАС кафедрасынын улук окутуучусу Уларбек Молдояровдун илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү аткарган иштери жөнүндөгү кыскача баяндамасы угулду.

*Факультеттин деканы, доцент Сопуев У.А.:* алгебра жана геометрия кафедрасынан билдирүү келип түштү. Мында Молдояров Уларбектин доктордук диссертациясынын темасын жана илимий консультанттын бекитип берүү суралган. Илимий консультанттын жана кафедранын кеңешмесинин баянынан көчүрмө бар. Учурда Молдояров Уларбектин илимий консультантын макулдугу менен илимий багытын жана илимий темасы такталган:

- илимий консультанты: ф.-м.и.д., профессор Матиева Г.
- илимий темасы: «Геометриялык мейкиндик фракталдардын түзүлүшү, касиеттери жана колдонулуштары».

ИТАС кафедрасынын улук окутуучусу Молдояров Уларбектин илимий консультантты деп ф.-м.и.д., профессор Г. Матиеваны жана «Геометриялык мейкиндик

фракталдардын түзүлүшү, касиеттери жана колдонулуштары» деген илимий темасын бекитип берүү сунушун Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнө колго салалы.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү төраганын сунушун бир добуштан колдошту.

**Ч Е Ч И М:**

1. ОшМУнун МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын улук окутуучусу У.Д.Молдояровдун илимий консультантты болуп ф.-м.и.д., профессор Г.Матиева жана «Геометриялык мейкиндик фракталдардын түзүлүшү, касиеттери жана колдонулуштары» деген илимий темасы бекитилсин.

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы университеттин Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

в) Математика жана информациялык технологиялар факультетинин математикалык анализ кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Тойгонбаева Айзат Куралбековнанын 01.01.02 – дифференцилдык тендемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу адистиги боюнча физика-математика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн диссертациялык ишинин темасын «Комплекстик областарда сингулярдык дүүлүккөн дифференцилдык тендемелердин чечимдеринин асимптотикалык ажыралмасы» (Асимптотическое разложение решений сингулярно возмущенных уравнений в комплексных областях) жана илимий кенешчиси физика-математика илимдеринин доктору, профессор Алыбаев Курманбек Сармановичти бекитүүгө сунуштоо.

**Угулду:** Доцент А.К. Тойгонбаеванын илимий изилдөө ишинин актуалдуулугун белгилөө менен доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кенешчисин бекитүү жөнүндө Математика жана информациялык технологиялар факультетинин деканы, кеңешменин төрагасы, доцент У.А. Сопуев сүйлөдү.

**Сөзгө чыккандар**: ф.-м.и.д., проф. Алымкулов К.А., ф.-м.и.д., проф. Матиева Г.М., ф.-м.и.к., доц. Мамаюсупов М.Ш., ф.-м.и.к., доц. Ободоева Г.С. аталган диссертациялык иштин актуалдуулугун белгилеп, тематикасы, максаттары, изилдөө ыкмалары боюнча физика-математика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн коюлуучу талаптарга жооп бере тургандыгын белгилешти.

Факультеттин Окумуштуулар кеңеши бул маселени талкуулап, төмөнкү токтомду бир добуштан кабыл алды.

**Ч Е Ч И М:**

1. Математика жана информациялык технологиялар факультетинин математикалык анализ кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Тойгонбаева Айзат Куралбековнанын 01.01.02 – дифференцилдык тендемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу адистиги боюнча физика-математика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн диссертациялык ишинин темасын «Комплекстик областарда сингулярдык дүүлүккөн дифференцилдык тендемелердин чечимдеринин асимптотикалык ажыралмасы» (Асимптотическое разложение решений сингулярно возмущенных уравнений в комплексных областях) жана илимий кенешчиси физика-математика илимдеринин доктору, профессор Алыбаев Курманбек Сармановичти бекитүүгө сунушталсын.
2. Бул токтомдун аткарылуу жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

г) ОшМУнун Программалоо кафедрасынын доцентинин м.а. Токторбаев Айбек Мамадалиевичтин доктордук диссертациясынын темасын жана илимий консультантты бекитүү жөнүндө.

**Угулду:**

Программалоо кафедрасынын доцентинин м.а. Токторбаев Айбек Мамадалиевичтин илимий- педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү аткарган иштери жөнүндөгү кыскача баяндамасы угулду.

Факультеттин деканы, доцент Сопуев У.А.: алгебра жана геометрия кафедрасынан билдирүү келип түштү. Мында Токторбаев Айбектин доктордук диссертациясынын темасын жана илимий консультанттын бекитип берүү суралган. Илимий консультанттын жана кафедранын кеңешмесинин баянынан көчүрмө бар.

Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор Сопуев А.: Программалоо кафедрасынын доцентинин м.а. Токторбаев Айбек илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүн программалоо жана информатика багыттарында аткарып келүүдө.

А. Токторбаев кафедра, факультет жана университет тарабынан өткөзүлгөн түрдүү коомдук, маданий жана тарбиялык иштерге активдүү катышып келет.

Учурда Токторбаев Айбек илимий консультантын макулдугу менен илимий багытын жана илимий темасы такталды:

- Илимий консультанты: ф.-м.и.д., профессор Алымкулов К.
- Илимий темасы: «Өзгөчө козголгон айрым туундулуу дифференциалдык теңдемелердеги оптималдык башкаруу»

Мен кафедранын жетекчиси катарында окутуучу Токторбаев Айбектин изденүүчүгө талапкерлигин көрсөтүү, илимий консультантын жана илимий темасын бекитүү сунушун билдирем.

Факультеттин деканы, доцент Сопуев У.А.: Программалоо кафедрасынын доцентинин м.а. Токторбаев Айбектин илимий консультантты деп ф.-м.и.д., профессор К. Алымкуловду жана «Өзгөчө козголгон айрым туундулуу дифференциалдык теңдемелердеги оптималдык башкаруу» деген илимий темасын бекитип берүү сунушун Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнө колго салалы.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү төраганын сунушун бир добуштан колдошту.

**Ч Е Ч И М:**

1. ОшМУнун МИТ факультетинин Программалоо кафедрасынын доцентинин м.а. Токторбаев Айбектин доктордук диссертациясынын темасы «Өзгөчө козголгон айрым туундулуу дифференциалдык теңдемелердеги оптималдык башкаруу» жана илимий консультантты катары ф.-м.и.д., профессор К. Алымкулов бекитилсин.

2. Токторбаев Айбектин доктордук диссертациясынын темасын жана илимий консультантын бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У.

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.